# ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН СОТУ

## КОНСУЛЬТАТИВДИК КОРУТУНДУ

2018-жылдын 17-декабры Минск шаары

Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Чоң коллегиясы төмөнкүдөй курамда:

Төрагалык кылуучу Ж.Н. Баишев,

судьялар А.М. Ажибраимова, Э.В. Айриян, Д.Г. Колос, Т.Н. Нешатаева, В.Х. Сейтимова, Г.А. Скрипкина, А.Э. Туманян, А.А. Федорцов, К.Л. Чайка,

сот жыйналышынын катчысы Л.Ч. Долженконун катышуусунда,

баяндамачы-судья Д.Г. Колосту угуп, иштин материалдарын иликтеп чыгып, Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Статутунун 46, 47, 50, 68, 69, 73, 96, 98-пункттарын, Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Регламентинин 72, 85-беренелерин жетекчиликке алып,

Евразия экономикалык комиссиясынын арызы боюнча 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин 76-беренесинин 4 жана 6-пункттарынын жоболорун жана Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин 2012-жылдын 19-декабрындагы № 29 чечими менен бекитилген Рынокту транс чек аралыкка киргизүү критерийлерине түшүндүрмө берүү жөнүндө төмөнкүдөй консультативдик корутунду берет.

**Арыз ээсинин маселеси**

Евразия экономикалык комиссиясы (мындан ары – арыз ээси, Комиссия) 2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлиги жөнүндө келишимдин (мындан ары – Келишим) жоболорун жана Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин 2012-жылдын 19-декабрындагы № 29 чечими менен бекитилген Рынокту транс чек аралыкка киргизүү критерийлерине (мындан ары – Рынокту транс чек аралыкка киргизүү критерийлери, Критерийлер) түшүндүрмө берүү жөнүндө арызы менен Евразия экономикалык бирлигинин Сотуна кайрылган.

Келишимдин 76-беренесинин 7-пунктуна ылайык мүчө мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттеринин (рыноктун субъекттеринин), ошондой эле мүчө мамлекеттердин ишкердик жүргүзбөгөн жеке жактарынын жана коммерциялык эмес уюмдарынын Келишимдин “Атаандаштыктын жалпы принциптери жана эрежелери” деген XVIII бөлүмү менен белгиленген атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузуулар эки жана андан көп мүчө мамлекеттин аймактарында финансылык рынокторду

кошпогондо, транс чек аралык рыноктордо атаандаштыкка терс таасир берсе же бериши мүмкүн болсо, мындай эреже бузууларды токтотуу Келишимдин № 19 тиркемесинде – Атаандаштыктын жалпы принциптери жана эрежелери жөнүндө протоколдо (мындан ары – Протокол) каралган тартипте Комиссия тарабынан ишке ашырылат.

Протоколдун 8-пунктуна ылайык мүчө мамлекеттердин аймактарында Келишимдин 76-беренесинде белгиленген атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларды токтотуу мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан ишке ашырылат.

Протоколдун 9-пунктуна ылайык Келишимдин 76-беренесинде белгиленген атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузуулар транс чек аралык рыноктордо атаандаштыкка терс таасир берсе же бериши мүмкүн болсо, мындай эреже бузууларды токтотуу Комиссия тарабынан ишке ашырылат.

Арызда Комиссия тарабынан Протоколдун 10-пунктунда белгиленген ыйгарым укуктарды ишке ашыруунун жүрүшүндө атаандаштык эрежелерин бузууну ажыратуу боюнча маселе келип чыкты, аларга тыюу салуу Келишимдин 76-беренесинин 4-пунктунда (“вертикалдык” макулдашууларды түзүү) жана Келишимдин 76-беренесинин 6-пунктунда (экономикалык ишти координациялоону ишке ашыруу) белгиленген, анын ичинде аталган бузуулардын акыркысы боюнча Рынокту транс чек аралыкка киргизүү критерийлеринин 2-пунктун колдонуу мүмкүндүгү да бар.

Арыз ээси Критерийлердин 3-5-пункттарында Комиссия Келишимдин 76-беренесинин 1-5-пункттары менен каралган тыюу салууларды мүчө мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттеринин (рыноктун субъекттеринин) бузууларын токтотууну ишке ашырган шарттар каралгандыгын белгилейт. Мында Келишимдин 76-беренесинин 6-пунктунда каралган бузууларды токтотуу боюнча Комиссиянын ыйгарым укуктарын ишке ашыруу үчүн атайын шарттар Критерийлерде белгиленген эмес.

Ушуга байланыштуу арыз ээси Келишимдин жана Рынокту транс чек аралыкка киргизүү критерийлеринин төмөнкү жоболоруна түшүндүрмө берүүнү суранат (суроолор алардын баяндалышына ылайык Комиссия тарабынан арызда келтирилет):

1. Келишимдин 76-беренесинин 1-5-пункттары менен аныкталган бузууларды токтотууда колдонулган транс чек ара рыногуна тиешелүү критерийлердин 3-5-пункттарын эске алып, Келишимдин 76-беренесинин 6-пунктунда каралган атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларды токтотуу учурунда Комиссиянын компетенциясын аныктоодо, транс чек ара рыногуна тиешелүү критерийлердин 2-пунктуна жана Келишимдин 76-беренесинин 6-пунктуна карата мындай кошумча критерий аныкталган эмес;

2. Келишимдин 76-беренесинин 4 жана 6-пункттарынын жоболорун алардын системалуу өз ара байланышында жана ушул пункттарда каралган тыюу салуулардын катышында, анын ичинде Келишимдин 76-беренесинин аталган пункттарында белгиленген бузуулардын өзүнчө курамы катары ажыратуу негиздери жана мүмкүндүгү.

**Соттогу жол-жобо**

Сот Келишимге № 2 тиркеме болуп саналган Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Статутунун (мындан ары – Соттун Статуту) 68, 69-пункттарына жана Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин 2014-жылдын 23-декабрындагы чечими менен бекитилген Евразия экономикалык бирлигинин Сотунун Регламентинин (мындан ары – Соттун Регламенти) 72-76-беренелерине ылайык түшүндүрмө берүү жөнүндө иштер боюнча сот өндүрүшүн ишке ашырат.

Соттун Регламентинин 75-беренесинин тартибинде кароого түшүндүрмө берүү жөнүндө ишти даярдоонун алкагында Сот тарабынан Комиссияга, Армения Республикасынын Экономикалык атаандаштыкты коргоо боюнча мамлекеттик комиссиясына, Беларусь Республикасынын Монополияга каршы жөнгө салуу жана соода министрлигине, Казакстан Республикасынын Улуттук экономика министрлигинин Табигый монополияларды жөнгө салуу, атаандаштыкты жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча комитетине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигине, Россия Федерациясынын Федералдык монополияга каршы кызматына, Армения Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия, социология жана укук институтуна, Беларусь Республикасынын Мыйзам чыгаруу ажана укуктук изилдөөлөр улуттук борборуна, “Казакстан Республикасынын мыйзам чыгаруу институту” мамлекеттик мекемесине, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия, социология жана саясат таануу институтуна, “Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу Мыйзам чыгаруу жана салыштырма укук таануу институту” федералдык мамлекеттик илимий-изилдөө мекемесине суроо-талаптар жөнөтүлдү.

Сотко Комиссиянын, Армения Республикасынын Экономикалык атаандаштыкты коргоо боюнча мамлекеттик комиссиясынын, Беларусь Республикасынын Монополияга каршы жөнгө салуу жана соода министрлигинин, Казакстан Республикасынын Улуттук экономика министрлигинин, Россия Федерациясынын Федералдык монополияга каршы кызматынын, БеларусьРеспубликасынын Мыйзам чыгаруу жана укуктук изилдөөлөр улуттук борборунун, “Казакстан Республикасынын мыйзам

чыгаруу институту" мамлекеттик мекемесинин, "Россия Федерациясынын Өкмөтүнө караштуу Мыйзам чыгаруу жана салыштырма укук таануу институту" федералдык мамлекеттик илимий-изилдөө мекемесинин жооптору келип түштү.

**Соттун Чоң коллегиясынын корутундулары**

Комиссиянын арызынын негизинде Соттун Чоң коллегиясы ушул консультативдик корутундунун алкагында төмөнкүдөй суроолорду түшүндүрүп кетүү зарыл деп эсептейт:

Келишимдин 76-беренесинин 4 жана 6-пункттарында каралган тыюу салууларды бузуулар атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузуулардын өз алдынча курамдарын түзөбү, аларды ажыратуунун негиздери кандай;

кандай шарттар болгондо Комиссия чарба жүргүзүүчү субъекттердин экономикалык ишин координациялоодо байкалган атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларды токтотуу боюнча ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

Соттун Статутунун 50-пунктун жетекчиликке алып, Соттун Чоң коллегиясы 1969-жылдын 23-майындагы Эл аралык келишимдердин укуктары жөнүндө Вена конвенциясынын 31-беренесинин жоболорун эске алуу менен эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптеринин жана ченемдеринин негизинде Келишимдин жана Евразия экономикалык бирлигинин (мындан ары – Бирлик) органдарынын чечимдеринин жоболорунун ортосундагы системалык өз ара байланыштарда ал жоболорду түшүндүрүп берет.

**1.** Бирликтин укугунда атаандаштык деп чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин) таймашуучулугу түшүнүлөт, анда алардын ар биринин өз алдынча иш-аракеттери менен алардын ар биринин бир тараптуу тартипте тиешелүү товардык рынокто товарларды жүгүртүүнүн жалпы шарттарына таасир этүү мүмкүндүгү жокко чыгарылат же чектелет (Протоколдун 2-пунктунун 8-пунктчасы).

Келишимдин 74-беренесинин 1-пунктунун негизинде атаандаштыктын жалпы эрежелери жана принциптери мүчө мамлекеттердин аймактарында атаандаштыкка каршы иш-аракеттерди жана эки жана андан көп мүчө мамлекеттердин аймагында транс чек аралык рыноктордо атаандаштыкка терс таасир этүүчү иш-аракеттерди табууну жана ага тыюу салууну камсыз кылууга багытталган.

Келишимдин 74, 75 жана 76-беренелеринин жоболоруна түшүндүрмө берүү жөнүндө Соттун 2017-жылдын 4-апрелиндеги консультативдик корутундусунда транс чек аралык рыноктордо атаандаштыкты коргоо чөйрөсүндө Бирлик бирдиктүү саясат жүргүзөөрү жана бирдейлештирилген укуктук жөнгө салуу болоору белгиленген. Атаандаштыктын жалпы

эрежелери тикелей таасир этет жана аларды мүчө мамлекеттер эл аралык келишимде бекитилген ченемдер катары түздөн-түз колдонууга тийиш.

Атаандаштыктын жалпы эрежелери Келишимдин 76-беренесинде үстөмдүк кылуучу абалды кыянаттык менен пайдаланууга тыюу салуу (1-пункт), ак ниетсиз атаандаштык (2-пункт), атаандаштар ортосундагы макулдашуулар (3-пункт), “вертикалдык” макулдашуулар (4-пункт), башка макулдашуулар (5-пункт), экономикалык ишти координациялоону ишке ашыруу (6-пункт) түрүндө берилген.

**2.** Келишимдин 76-беренесинин 4 жана 6-пункттарында каралган атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларды ажыратуу жөнүндө суроого жооп берүү максатында Соттун Чоң коллегиясы аларды укуктук жөнгө салууга салыштырма талдоо жүргүзүү зарыл деп эсептейт.

**2.1.** Келишимдин 76-беренесинин 6-пунктунун негизинде жеке жактарга, коммерциялык уюмдарга жана коммерциялык эмес уюмдарга мүчө мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттеринин (рыноктун субъекттеринин) экономикалык ишин координациялоону ишке ашырууга тыюу салынат, эгерде мындай координациялоо Протоколдо белгиленген жол берүүчүлүк критерийлерине ылайык жол берилүүчү катары таанылышы мүмкүн болбогон, ушул берененин 3 жана 4-пункттарында көрсөтүлгөн кесепеттердин кайсы бирине алып келсе же алып келиши мүмкүн болсо.

Келишимдин 76-беренесинин 3-пунктуна ылайык бир товардык рынокто иштеген атаандаш болуп саналган мүчө мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттеринин (рыноктун субъекттеринин) ортосунда макулдашууга тыюу салынат, алар төмөнкүлөргө алып келет же алып келиши мүмкүн:

1) бааны (тарифтерди), бир аз арзандатууларды, кошуп сатууларды, бааны жогорулатууну белгилөөгө же кармоого;

2) тооруктарда нарктын жогорулашына, төмөндөшүнө же кармалып турушуна;

3) товардык рыноктун аймактык принцип, товарларды сатуу же сатып алуу көлөмү, сатылуучу товарлардын ассортименти же болбосо сатуучулардын же сатып алуучулардын курамы (тапшырыкчылар) боюнча бөлүнүшүнө;

4) товар өндүрүшүнүн кыскарышына же токтошуна;

5) белгилүү бир сатуучулар же болбосо сатып алуучулар (тапшырыкчылар) менен келишимдерди түзүүдөн баш тартууга.

Келишимдин 76-беренесинин 4-пунктунун негизинде чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин) ортосунда “вертикалдык” макулдашууларга тыюу салынат, буга төмөнкүдөй учурларда Протоколдо

белгиленген жол берүүчүлүк критерийлерине ылайык жол берилүүчү катары таанылган “вертикалдык” макулдашуулар кирбейт:

1) мындай макулдашуулар товарды кайра сатуу наркын белгилөөгө алып келет же алып келиши мүмкүн, буга сатуучу сатып алуучу үчүн товарды кайра сатуунун максималдуу баасын белгилеген учурлар кирбейт;

2) мындай макулдашууларда сатуучунун атаандашы болуп саналган чарба жүргүзүүчү субъекттин (рыноктун субъектинин) товарын сатпоого сатып алуучунун милдеттенмеси каралган. Мындай тыюу салуу сатып алуучунун товарды товардык белги менен же болбосо сатуучуну же өндүрүүчүнү жекелештирүүнүн башка жолу аркылуу сатууну уюштуруу жөнүндө макулдашууга жайылтылбайт.

Андан тышкары Келишимдин 76-беренесинин 6-пунктунун негизинде мүчө мамлекеттер өздөрүнүн мыйзамдарында экономикалык ишти координациялоого тыюу салууну белгилөөгө укуктуу, эгерде мындай координациялоо Протоколдо белгиленген жол берүүчүлүк критерийлерине ылайык жол берилүүчү катары таанылышы мүмкүн болбогон, ушул берененин 5-пунктунда көрсөтүлгөн кесепеттерге алып келсе же алып келиши мүмкүн болсо.

Келишимдин 76-беренесинин 5-пунктунда чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин) ортосунда башка макулдашууларга тыюу салынат, буга ушундай макулдашуулар атаандаштыкты чектөөгө алып келээри же алып келиши мүмкүн экендиги белгиленген учурда Протоколдо белгиленген жол берүүчүлүк критерийлерине ылайык жол берилүүчү катары таанылган “вертикалдык” макулдашуулар кирбейт.

Аталган ченемдерди өз ара байланыштырып окуу Бирликтин укугу менен экономикалык ишти координациялоого (мындан ары – Координациялоо) тыюу салынаарын айгинелеп турат, ал Келишимдин 76-беренесинин 3 жана 4-пункттарында тыюу салынган макулдашуулардын кесепеттери сыяктуу атаандаштык үчүн кесепеттердин болушуна алып келет же алып келиши мүмкүн.

**2.2.** Протоколдун 2-пунктунун 10-пунктчасына ылайык “экономикалык ишти координациялоо” деп чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин) иш-аракеттерин ушундай чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин) бири менен да бир топко кирбеген жана чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин) иш-аракеттери макулдашылып жаткан товардык рынокто (товардык рыноктордо) иш жүргүзбөгөн үчүнчү жак тарабынан макулдашуу түшүнүлөт.

Келтирилген ченемге жана Келишимдин 76-беренесинин 6-пунктуна системалуу талдоо жүргүзүү Соттун Чоң коллегиясына Координациялоонун төмөнкүдөй мүнөздүү белгилерин бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет:

Координациялоо үчүнчү жак тарабынан ишке ашырылат, ал жеке жак, коммерциялык же коммерциялык эмес уюм (мындан ары – Координатор) болушу мүмкүн;

Координатор иш-аракеттери макулдашылып жаткан чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин) бири менен да бир топко кирбейт жана Координациялоо ишке ашырылып жаткан товардык рынокто (товардык рыноктордо) иш жүргүзбөйт;

Координатордун иш-аракеттери мүчө мамлекеттердин эң эле аз дегенде эки чарба жүргүзүүчү субъектинин (рыноктун субъекттеринин) экономикалык ишин макулдашууга (координациялоого) багытталган;

Координациялоо чарба жүргүзүүчү субъекттерде (рыноктун субъекттеринде) белгилүү бир моделдеги жүрүм-турумду калыптандыруу жана товардык рынокто атаандаштыкка таасир этүү максатында Координатордун аларга максаттуу багытталган таасир көрсөтүүсүндө камтылган.

**2.3.** Протоколдун 2-пунктунун 1-пунктчасына ылайык “вертикалдык макулдашуу” деп чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин) ортосундагы макулдашуу түшүнүлөт, алардын бири товар сатып алат же анын потенциалдуу сатып алуучусу болуп саналат, ал эми экинчиси товар берет же анын потенциалдуу сатуучусу болуп эсептелет.

Ушул ченемди жана Келишимдин 76-беренесинин 4-пунктун өз ара байланыштырып окуу “вертикалдык” макулдашуу бир товардык рыноктун түзүмүндө түрдүү деңгээлде турган эң аз дегенде эки чарба жүргүзүүчү субъект (рыноктун субъекттери) тарабынан өздөрүнүн иш-аракеттерин макулдашууну билдирет деген тыянак жасоого мүмкүндүк берет.

**2.4.** Жогоруда баяндалгандарды эске алуу менен Соттун Чоң Коллегиясы Координациялоону жана “вертикалдык” макулдашууларды ажыратуунун төмөнкүдөй негизги критерийлеринин болушун белгилейт:

субъект боюнча: Координациялоонун тыюу салуусу бир субъектке даректелген, ал ар кандай жеке жак, коммерциялык же коммерциялык эмес уюм болушу мүмкүн; “вертикалдык” макулдашууларга тыюу салуу жок дегенде эки чарба жүргүзүүчү субъектке даректелген;

товардык рыноктун түзүмүндө субъекттердин абалы боюнча: Координатор координацияланууучу чарба жүргүзүүчү субъекттер (рыноктун субъекттери) иш жүргүзүүчү товардык рыноктун катышуучусу болуп

саналбайт; “вертикалдык” макулдашуунун катышуучулары ишин бир товардык рыноктун түзүмүндө түрдүү деңгээлде жүргүзөт;

субъекттердин ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн мүнөзү боюнча: Координатор башка чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин) иш-аракеттерин макулдашат; “вертикалдык” макулдашуунун катышуучулары өздөрүнүн экономикалык ишинин шарттары боюнча өз ара келишимге жетишет.

Ошентип Келишимдин 76-беренесинин 4 жана 6-пункттарына, Протоколдун 2-пунктунун 1 жана 10-пунктчаларына системалуу талдоо жүргүзүү Соттун Чоң коллегиясына тыюу салынган “вертикалдык” макулдашуу жана тыюу салынган Координациялоо Бирликтин укугунда атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузуулардын эки өз алдынча курамын билдирет деген тыянак жасоого мүмкүндүк берет.

**3.** Координациялоодо байкалган атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууну токтотуу боюнча Комиссиянын ыйгарым укуктары жөнүндө маселени түшүндүрүп берүү менен Соттун Чоң коллегиясы төмөнкүлөрдү белгилейт.

Комиссия Бирликтин органы болуу менен ыйгарым укуктарынын чегинде аракеттенет, ага ыйгарым укуктар Келишим жана Бирликтин алкагында эл аралык келишимдер (Келишимдин 8-беренесинин 2-пункту) менен берилген.

Келишимдин XVIII бөлүмү менен белгиленген атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларды токтотуу боюнча ыйгарым укуктар Комиссияга Келишимдин 76-беренесинин 7-пункту менен берилген.

Аталган ченемге ылайык атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузуулар эки жана андан көп мүчө мамлекеттин аймактарында финансылык рыноктору кошпогондо, транс чек аралык рыноктордо атаандаштыкка терс таасир этсе же этиши мүмкүн болсо, мындай эреже бузууларды токтотуу Протоколдо каралган тартипте Комиссия тарабынан ишке ашырылат.

Протоколдун 8-пунктунда чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин), ошондой эле мүчө мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттери (рыноктун субъекттери) болуп саналбаган жеке жактардын жана коммерциялык эмес уюмдардын мүчө мамлекеттердин аймактарында Келишимдин 76-беренесинде белгиленген атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларын токтотуу мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан ишке ашырылаары каралган.

Протоколдун 9-пунктуна ылайык мүчө мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттеринин (рыноктун субъекттеринин), ошондой эле мүчө мамлекеттердин чарба жүргүзүүчү субъекттери (рыноктун субъекттери)

болуп саналбаган жеке жактардын жана коммерциялык эмес уюмдардын Келишимдин 76-беренесинде белгиленген атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузуулары транс чек аралык рыноктордо атаандаштыкка терс таасир этсе же этиши мүмкүн болсо мындай эреже бузууларды токтотуу Комиссия тарабынан ишке ашырылат, буга транс чек аралык финансылык рыноктордо атаандаштыкка терс таасир этүүчү бузуулар кирбейт, аларды токтотуу мүчө мамлекеттердин мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

Бирликтин укугунун аталган ченемдерине салыштырма талдоо жүргүзүүнүн негизинде Соттун Чоң коллегиясы атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларды токтотуу улуттук деңгээлде мүчө мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан жана улуттуктан жогорку деңгээлде Комиссия тарабынан ишке ашырылат деген тыянакка келди. Мында алардын компетенциясын ажыратуу бир мүчө мамлекеттин рыногундагы атаандаштыкка же болбосо транс чек аралык рыноктогу атаандаштыкка бузуунун терс таасирине жараша болот.

Келишимдин 74-беренесинин 2-пунктун аткаруу үчүн Келишимдин 76-беренесинде белгиленген атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларды токтотуу боюнча Комиссиянын компетенциясын аныктоо максатында Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин чечими менен Рынокту транс чек аралыкка киргизүү критерийлери бекитилген.

Келишимдин 76-беренесинин 1-6-пункттарында каралган бардык бузууларга колдонулуучу рыноктун транс чек аралыгын аныктоонун жалпы эрежеси Келишимдин 74-беренесинин 2-пунктунда жана Критерийлердин 2-пунктунда бекитилген. Бул эреже географиялык мамилеге негизденген жана товардык рыноктун географиялык чек аралары эки жана андан көп мүчө мамлекеттин аймагын камтыган учурда рынокту транс чек аралыкка киргизет.

Соттун Чоң коллегиясы Келишимдин 76-беренесинин 1-5-пункттарында каралган атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларга карата Критерийлердин 2-пунктуна салыштырмалуу кошумча шарттар белгиленип, алар аталган бузууларды токтотуу боюнча Комиссиянын ыйгарым укуктарынын болушун алдын ала аныктай тургандыгын белгилейт. Атап айтканда Критерийлердин 4-пунктуна ылайык чарба жүргүзүүчү субъекттердин (рыноктун субъекттеринин) Келишимдин 76-беренесинин 3-5-пункттарында белгиленген тыюу салууларды (атаандаштыкка каршы макулдашуулар) бузууларды токтотуу иш-аракеттери тыюу салууну бузууга алып келген же алып келиши мүмкүн болгон жок дегенде эки чарба жүргүзүүчү субъект түрдүү мүчө мамлекеттердин аймактарында катталган шартта Комиссия тарабынан ишке ашырылат.

Келишимдин 76-беренесинин 6-пункту боюнча (Координациялоону ишке ашырууга тыюу салуу) ушундай кошумча шарттар Критерийлерде белгиленген эмес. Ушуга байланыштуу Координациялоодо байкалган атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларды токтотууда Критерийлердин 2-пунктунун жалпы эрежесин жетекчиликке алып жана товардык рыноктун географиялык чек аралары эки жана андан көп мүчө мамлекеттин аймактарын камтыган шартта рынокту транс чек аралыкка киргизүү зарыл.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Соттун Чоң коллегиясы төмөнкүдөй корутундуларды түзүүнү негиздүү деп эсептейт:

1. Келишимдин 76-беренесинин 4-пункту менен тыюу салынган "вертикалдык" макулдашууну түзүү жана Келишимдин 76-беренесинин 6-пункту менен тыюу салынган экономикалык ишти координациялоо атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузуулардын өз алдынча курамдарын түзүшөт, аларды ажыратуунун негиздери болуп субъекттердин чөйрөсү, алардын өз ара аракеттенүү мүнөзү жана товардык рыноктун түзүмүндөгү абалы саналат.

2. Комиссия экономикалык ишти координациялоо географиялык чек аралары эки жана андан көп мүчө мамлекеттин аймактарын камтыган транс чек аралык товардык рынокто атаандаштыкка терс таасир эткен шартта ушундай координацияда байкалган атаандаштыктын жалпы эрежелерин бузууларды токтотуу боюнча ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

**Корутунду жоболор**

1. Ушул Консультативдик корутундунун көчүрмөсү арыз ээсине жөнөтүлсүн.

2. Консультативдик корутунду мүчө мамлекеттердин мамлекеттик тилдерине которулсун жана Соттун расмий сайтына жайгаштырылсын.

Төрагалык кылуучу — Ж.Н. Баишев

Судьялар — А.М. Ажибраимова

Э.В. Айриян

Д.Г. Колос

Т.Н. Нешатаева

В.Х. Сейтимова

Г.А. Скрипкина

А.Э. Туманян

А.А. Федорцов

К.Л. Чайка